Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№ 34 [17030] ИШЕМБИ, 07/11/2026

Кыргыз Эл жазуучусу Кубатбек Жусубалиев 85 жашта



3-бетте

Жетишкендиктер, мүмкүнчүлүктөр жана алдыдагы милдеттер



4-бетте

АЛГАЧКЫ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК АНСАМБЛЬ



8-бетте

ЖҮЗ ЖЫЛДЫК БИЛИМ ЖОЛУНДАГЫ МЕКТЕП



5-бетте

Ийгиликке эмгектен жеткен мушкер Марсель



3-бетте

V Элдик Курултайдын делегаттарынын жыйыны

Ош шаарында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы №309 “Кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” Жарлыгынын негизинде, Ош облусунан V Элдик Курултайга шайланган делегаттардын жалпы жыйыны болуп өттү.



Жыйынды Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев ачып, Ош облусунан шайланган делегаттарды V Элдик Курултайдын делегаты болуп шайланышы менен куттуктады. Ал бул эл тарабынан жүктөлгөн чоң жоопкерчилик экенин белгилеп, делегаттар эл менен бийликтин ортосундагы активдүү байланышты түзөт деген ишенимин билдирди.

Жыйынга Уюштуруу комитетинин мүчөсү, академик Ч.И. Арабаев, Уюштуруу комитетинин мүчөсү, профессор С.Т. Кайыпов, КР Президентинин Администрациясынын аймактарды өнүктүрүү секторунун башчысы У.Э. Далиев, Мамлекеттик инспектор, уюштуруу комитетинин катчысы Э.Т. Касымбаев жана Ош облусунун райондорунан шайланган 130 делегаттын ичинен 125 делегат катышты. Кворум бар деп табылды. Жыйынды уюштуруу комитетинин мүчөсү Арабаев Чолпонкул Исаевич алып барды.

Жыйындын күн тартиби: 1. Ыйгарым укуктуу өкүлдүн жыл ичинде аткарган иши жөнүндө маалыматы; 2. Улуттук Кеңештин жана эсептөө комиссиясынын курамына, жарыш сөзгө чыгуучу делегаттарды аныктоо. Андан ары жыйын күн тартиби боюнча улантылды.

Жыйында белгиленгендей, Улуттук Кеңешке мүчөлөр ар бир райондон калктын санына жараша шайланды. Ош облусунан шайланган делегаттар 2026-жылдын 18-декабрында өтүүчү V Элдик Курултайга даярдыктарды талкуулап, Улуттук Кеңешке жана эсептөө комиссиясына талапкерлерди сунушташты.

ОшТУнун студенттери «Алымбек Датка» эл аралык спорттук мелдешинде

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы тарабынан уюштурулган «Алымбек Датка» эл аралык спорттук мелдешинде Ош технологиялык университетинин студенттери ийгиликтүү катышып, байгелүү орундарды багындырышты.



Тактап айтканда, Энергетика жана транспорт институтунун Транспорттук ташууну уюштуруу кафедрасынын студенттери таяк тартыш боюнча мелдеште жогорку жыйынтыктарды көрсөтүштү. Алардын ичинен:Абдуманапов Нурсултан – эркектер арасында 80 кг салмактык категорияда II орун; Тойчибаева Акылай – аялдар арасында 50 кг салмактык категорияда I орунду ээлешти.

Женүүчүлөрдү ОшТУнун ректору, профессор Ж.Ж. Турсунбаев кабыл алып, жетишкендиктери менен куттуктады. Ректор студенттерге окууда ийгиликтерди каалап, мындан ары да спорттук мелдештерде жогорку натыйжаларга жетишип, университеттин намысын коргоп, атын даңазалай беришине тилектештигин билдирди.

ОшТУнун басма сөз кызматы.

Эс тутум

Эл агартууга өмүрүн арнаган инсан

Эл арасында өзүнүн эмгеги, адамгерчилиги жана ак ниет мамилеси менен кадыр-баркка ээ болгон инсандар ар дайым урмат-сыйга татыктуу. Алардын басып өткөн жолу, жасаган иштери жана жаш муундарга берген тарбиясы кийинки муундар үчүн үлгү болуп кала берет. Өмүрүн билим берүүгө, жаштарды тарбиялоого арнап, элдин алкышына татыган ушундай инсандардын бири – Сарыев Аман агай.

Ал 1955-жылы Өзгөн районуна караштуу Жалпак-Таш айылындагы Пор айылында төрөлгөн. Бала кезинен зээндүүлүгү, билимге болгон кызыгуусу менен айырмаланып, комуз чертип, ыр ырдаганга да шыктуу болгон. Мектепте окуп жүргөн кезинен эле билимге умтулуусу күчтүү болуп, келечекте агартуу тармагында үзүрлүү эмгектенишине негиз түзүлгөн.

1981-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун орус тили жана адабияты факультетин бүтүргөн. 1983-жылы Чолпонбай Түлөбердиев атындагы орто мектепке мугалим болуп орношуп, окуучуларга терең билим жана татыктуу тарбия берүү жолунда көп жылдык эмгек жолун баштаган.

Аман агай өзүнүн билимдүү, эл-жерине күйгөн инсан экенин мектепте окуп жүргөн кезинен эле көрсөтүп, кийин да ошол сапатын коомдук иштерге активдүү аралашуу менен далилдеп келди. Ал өзү туулуп-өскөн айылынын өнүгүшүнө кайдыгер карабай, элдин көйгөйлөрүн чечүүгө дайыма өз салымын кошуп, айылдаштарынын үнүн коомчулукка жана тиешелүү жетекчилерге жеткирүүгө аракет кылды. Айыл элинин турмушун жакшыртуу, келечек муунга ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында өзүнүн ой-пикирин айтып, сунуштарын билдирип, көптөгөн демилгелерди көтөрүп жүрдү. Анын мындай аракеттери – өзүнүн жеке кызыкчылыктан мурда элдин камын ойлогон адам экенинен кабар берет десек эң туура болот.

Айылдын социалдык инфраструктурасын жакшыртуу маселесинде да анын



эмгеги чоң. Жаңы мектептин салынышы, бала бакчанын курулушу, фельдшердик-акушердик пункттун (ФАП) иши жана жолдордун абалын ондоо сыяктуу эл үчүн маанилүү маселелерди чечүүдө Аман агай тынбай аракет кылып келди. Ал тиешелүү мекеме-уюмдардын жана жооптуу жетекчилердин даректерине кат жүзүндө кайрылып, көйгөйлөрдүн чечилишин талап кылып, бул иштердин аткарылышына көңүл буруп турду. Маселени жөн гана айтып коюу менен чектелбестен, анын оң жагына чечилишине чейин кызыгып, колдон келген жардамын аяган жок.

Анын айыл үчүн жасаган иштеринин бири катары Жан-Чукур–Шерали жолунун курулушу боюнча демилгелерге кошкон салымын белгилөөгө болот. Бул жолдун планга киргизилип, ишке ашырылышына байланыштуу маселелерде Аман агай өзүнүн ой-пикирин билдирип, сунуштарын айтып, ар тараптуу көмөк көрсөттү. Жол маселеси айыл элинин күнүмдүк турмушу, каттамы жана башка аймактар менен байланышы үчүн канчалык маанилүү экенин жакшы түшүнгөндүктөн, анын чечилишине өзгөчө көңүл бурду. Мындай иштер анын туулган айылына болгон терең сүйүүсүн жана элдин келечегине кайдыгер карабаганын дагы бир жолу далилдеп берди.

Менин оюмча, Аман агайдын эмгегин бир гана билимдүүлүгү же жеке жетишкендиктери менен баалоо жетишсиз. Анын чыныгы кадыр-баркы – алган билимин, турмуштук тажрыйбасын жана күч-аракетин элдин керегине жаратып, өзү туулуп-өскөн айылдын өнүгүшүнө жумшап келгенинде. Айылдын көйгөйлөрүн өз маселесиндей кабыл алып, алардын чечилиши үчүн тынымсыз аракеттенген мындай адамдар коом үчүн абдан баалуу. Аман агайдын жасаган иштери жаш муундарга үлгү болуп, туулган жерге кызмат кылуу – чоң жоопкерчилик жана адамдык парз экенин көрсөтүп турат.

Ал баскан-турган жеринде кичи пейилдиги, адамгерчилиги, ыймандуулугу менен айырмаланган өзгөчө инсан эле. Бир дагы адамга жамандык каалабаган, ар кимге ак ниет мамиле жасаган сапаты аны билген адамдарды суктандырчу.

Аман агайдын дагы бир өзгөчө касиети – акындык таланты эле. Ал сөздүн күчүн, маанисин терең түшүнгөн, ырлары аркылуу адамдын көңүлүнүн түпкүрүнө жетип, ой салган мыкты акындардын бири болчу. Өмүр бою топтогон билимин, турмуштук тажрыйбасын жана Алла Таала берген таланттын чыгармачылыкка арнап, он эки китеп жазып калтырды. Кыргызстандын Жазуучулар союзунун ардактуу мүчөсү болгон Аман агайдын чыгармалары – баа жеткис руханий мурасы болуп калды. Анын ырлары менен китептери убакыт өткөн сайын өз маанисин жоготпой, кийинки муундарга да таалим-тарбия берип, автордун жаркын элесин сактап кала берет дейт элем.

Анын калемине таандык чыгармалардын арасында «Кыргызстандагы таздар уруусунун санжырасы», «Алайдан чыккан Курманжан датка», «Убакыт текке кетпептир», «Өмүр отун бүт жандырсак жетеби?», «Ак маанай», «Кунарлуу сөз», «Касиеттүү Үч-Капчал» аттуу китептери өзгөчө орунду ээлейт. Бул эмгектер анын чыгармачылык изденүүсүн, тарыхка, туулган жерге жана адамдык баалуулуктарга болгон терең мамилесин чагылдырат.

Менин оюмча, Аман агай сыяктуу адамдар сейрек жаралат. Ал өзүнүн ак эмгеги, чынчылдыгы, адамгерчилиги жана чыгармачылыгы менен жашоодо өчпөс из калтырды. Анын өмүрү күн сыяктуу айланага жарык чачып, ай сыяктуу түн караңгылыгында жол көрсөткөн өмүр болду десем жаңылышпайм. Анын ысымы, жазган ырлары жана эл үчүн жасаган эмгектери биз үчүн түбөлүк эстелик болуп кала берет.

Ал чындыкты бетке айткан, эч кимге жагынбаган, жаманды жакшы, жакшыны жаман деп бурмалабаган чынчыл адам болгон. Кандай кызматта иштебесин, коомдук иштерге катышпасын, өзүнүн акыл-насааты, сунуш-пикирлери менен элдин жүрөгүнө жол таап, артынан алкыш гана калтырды. Аман агайдын адамдык бийик сапаттары, адилеттүүлүгү жана кайраттуулугу аны тааныгандардын эсинде түбөлүк сакталат деп толук ишенем.

Жаман ойду жан адамга бакпаган,
Жакшы адамдын жакшысы элең алкаган.
Жаштайыңдан эмгек кылып таптаза,
Жактың беле жаш-карыга ар качан?

Жүрөгүңдө жүрбөй данча каралык,
Жүргөн жериң шаңга толуп, тазарып.
Санап бүткүс өнөр ээси болуп сен,
Эмгек кылдың, эл жериңде айтаарлык.

Жаткан жайың жайлуу болсун ылайым,
Жаратканым сага берип ырайым.
Пайгамбарым шапаат кылып өзүңдү,
Бейишиңди берсин ыйык кудайым.

Сагынбай Жунусов.

Кыргыз Эл жазуучусу Кубатбек Жусубалиев 85 жашта

Кубатбек Жусубалиевди кыялы чукул адам дешчү. Ошондой экен. Аны менен биринчи сүйлөшүүбүздө эле мындай кыялына мен да туш болдум. Алайдын Кердегей айылындагы үйүндө отурган жазуучуну уруксаты менен өзүн жалгыз сүрөткө тартып бүтүп, “Сиз менен сүрөткө түшүп алсам болобу?”,-десем, мага карап: “Болбойт!”,-деди. Кагып бергени ыңгайсыздык жаратканы менен аны кызы Жамбы эже жымсалдап өткөрдү. “Жанына отур, тартып коем”,-деди дагы: “ата, бери караңыз”,-деп чырк эттирди. Ошентип тарыхий сүрөт тартылып калды.



Жазуучунун 85 жылдык мааракесине деп Алай райондук Маданият үйүнө алды айылдан, арты Ош менен Бишкектен, ары жагы Америкадан болуп отуруп, толтура адамдар келишкен. Алар Кубатбек Жусубалиевдин чыгармачылыгын талкуулап, куттуктоо айтып, кыйла энергиясын алышты. Ар ким менен сүйлөшүп, ар кимдин каалоосун угуп, өзүнүн сүрөт көргөзмөсү сындуу иш-чараларга катышып жүрүп чарчаган Кубат аке «Алай районунун ардактуу атуулу» деген наамын тагынып, сыйлуу коноктorунун коштоосунда үйүнө түштөн кийин келген болчу. Ал жерде да тынч коюшпай (албетте, торколуу тою болуп атса, адамдар кирет да), ар кимиси ар нерсени айтып, башын ооруткан. Алардан кичине бошой калып, 85ке чыккан карыя тамактанып атканда, эл сээлдеди деп сааттай болуп мен да кире калгамын да. Анан ошондо “болбойтун” айтып атпайбы.

Үйүн көрдүк. Өзгөчө ойлонгон адамдын жашаган үйү да өзгөчө экен. Эл төрт чарчы салса, Кубат акенин үйүнүн бир ныптасы боз үй сыңар тегерек экен. Бөлмөлөрдүн ичи тегерек болгону адамга жакшы энергия берет деп феншуй философиясында да айтылат эмеспи, ушуга ишенген окшойт, мүмкүн чындыр. Үй ичиндеги ар бир деталдын жөн эмес тарыхы бар экен. Өзү сыйлаган конокторуна баарын болбосо да, божурап айтып берип атты.

Үйүнүн ичиндеги камин, ортодогу түркүк, дубалга илинген



Жусуп Мамайдын, өзүнүн жана үйүнүн сыртынан тартылган сүрөттөрү – тегерек бөлмөсүнүн көркүнө андан да көрк кошуп турат. Башка бөлмөсүн китепке толтуруптур: сейрек кездешүүчү адабий, тарыхий, маданий, диний, философиялык китептердин турганын көрүп, Кубатбек Жусубалиевдин ички жан дүйнөсү, ой жүгүртүүсү кайсы чекте экенин байкаса болот. Албетте, бийикте да. Менин көңүлүмдү тактайчага тартылган байыркы Индиянын маданиятын же салтанаттуу жүрүшүн чагылдырган көркөм эмгек да бурду. Текчелерде, андан сыртkары, азыр колдонулбай калган аудио жана видео кассеталар, эски дубал сааттар, телевизордун пультту турат. Ушул төрт чарчы бөлмөсүндө иштөөчү стол, стулу, баягы легендарлуу шапкасы, терезе жанында өзгөчө дизайндагы стулу, жыгачтан жасалган чырак формасындагы люстрасы – жазуучунун табитин, дүйнө таанымын жана өзүнө гана таандык стилин айгинелеп турат. Ушул жактан ары уктоочу бөлмөсүнө өтөт экен.

Үйү черепица менен жабылыптыр дагы, кышы подрашивка урулгандыктан, шыбалбаптыр. Ал эми тамаракасы өзгөчө экен. Үйүнүн капталында кирин жуып кургатчу баягы “Кубатбектин ташы” турат. Бак-шагы кенен экен, алмасы төгүлүптүр, чөбү орулуптур. Башка курулуш жок. Мал бакпаса Кубат акеде кайсы короо жай болмок эле. Айыл өкмөт чарпаясын шыпырып-сыйрып, оңдоп-түзөө иштерине кол кабыш кылыптыр.

Ошентип анын 85 жылдык мааракеси салтанаттуу белгиленди. Конокторго кой союлуп, меймандарга сыйлуу дасторкон салынды. Бирок өзү ушул иш-чараларды өткөрүүгө караманча каршы болуптур. Үйүн музей кылууга демилге көтөрүлгөн экен, ага да каршы болуп атат дешти.

Менин түшүнүгүмдө Кубатбек Жусубалиев көп нерседен баш тартып, көп нерсеге баш урган адам. Жашоонун жыргалчылыгы – өзүн-өзү табууда деп билет. Ал өзүн өмүр бою издеп, өмүр бою чоң суракка даярдап жүрүп отурду. Ал көрпенделик турмушту, жан багаар жашоону чанып,



жан дүйнөсүн өзү түшүнгөн философияга, өзү түзгөн логикага арнаган. Ички азаптардан, ач көздүктөн, жек көрүүдөн жана чексиз каалоолордон толук арылып, руханий эркиндикке – нирванага жетүүнү каалайт. Ашыкча кумардан, көз карандылыктан кутулуп, дүйнө кубулуштарына акыл-эс менен сабырдуу мамиле кылат. Дүйнө чындыгын түшүнүп, актыкка жетейин дейт. Ал ошентип жашап келди.

Анын ушундай жан дүйнөсү менен дүйнөгө көз карашын түшүнүүгө аракет кылганда, менин жан дүйнөм чындап эс алат, шашпаган жашоо образына түшүп, оюм бир жерге токтойт, көр тиричилик, толгон көйгөйлөр бир тыйынга татыбай калат.

Кубат аке жакшы көргөн адамын “кембагал”,-деп коет экен. Ал байлыкка эмес, билимге “кембагал”,-дегени да. Анын артында адамдарды билимге умтулуусун, аң сезими жогорулоосун каалаган жакшы ниет жатканы айдан ачык эмеспи...

Асанбек Каракозуев,
“Ош жаңырыгы”
гезитинин
башкы редактору.

Спорт

Ийгиликке эмгектен жеткен мушкер Марсель

Кыргызстандын намысын коргоп, Туусун бийик желбиретип, спорт айдыңында ысымы Борбордук Азия эле эмес, дүйнөгө белгилүү болгон кыргыз мушкери Марсель Нурланбек уулу кесипкөй ММА (аралаш мушташ) жана поп-ММА мушкери болуп саналат. Бүгүнкү күндө көптөгөн атаандаштарын жеңип, ийгиликке жетип турган кези. Ал өзүнүн атаандаштары менен 16 жолу беттешкен жана жеңген, жеңилүү ызасы болгон эмес.



Кыргыз элинин сүймөнчүктүү спортчу уулу Марсель Нурланбек уулу 1997-жыл 16-июлда Жалал-Абад облусунун Базар Коргон районунда туулган.

Салмак категориясы: жеңил же жарым жеңил салмак (65–70 кг чейин). Бою жана салмагы: 170–175 см, салмагы 65–70 кг. Лигалар: Octagon League, Hardcore Fighting Championships, Hype Fighting Championship, Наше дело ж.б. Марсель Нурланбек уулу өзүнүн мүнөздүү стили, жогорку ылдамдыгы жана партердеги (жердеги) чеберчилиги менен таанымал. Мушкер көбүнчө мөөнөтүнөн мурда (нокаут же сабмишен менен) биринчи рауңддарда жеңишке жетет. Белгилүү корондук ыкмаларынын арасында «Растяжка Сулоева» (Сулоеванын созуу ыкмасы) жана “рычаг колена” (тизени буроо) сыяктуу татаал муунтуучу жана оорутуучу ыкмалар бар. Карьерасында жеңиштер сериясы уланып, 16 жеңишке чейин жеткен. Ал Octagon League сыяктуу эл аралык жана аймактык турнирлерде ийгиликтүү чыгып келет. Спортто мындай жетишкендиктерге Марсель Нурланбек уулу спортту баалагандыгы, тынымсыз машыккандыгы, көп эмгек жумшагандыгы, ар бир мелдешке олуттуу даярдык көргөндүгү менен ээ болуп келатат. Спортчу уулубузга алдыда боло турган беттештерде ийгиликтерди каалайбыз.

К.Кыдыралиева.

Жетишкендиктер, мүмкүнчүлүктөр жана алдыдагы милдеттер

Бүгүнкү күндө дүйнөлүк жана Азиялык, көчмөндөр оюндарынын мелдештеринде чемпиондук наамдарга жетишип жаткан Абидинов Баяман, Сапаров Роман, Абытов Бексултан, Мирзаев Талипбек, Абдурасулов Марлен жана Сагынали уулу Иманалы сыяктуу ноокаттык балбандардын ысымдары улуттук күрөштү сүйүүчүлөрдүн арасында сыймык менен аталып келет. Ноокаттыктардын арасында волейбол боюнча Кыргызстандын курама командаларынын курамында ойноп жүргөн спортчулар бар. Ага Кыргызстандын U-16 курама командасынын капитаны Казаков Эржан, Ош облусунун курама командасынын курамында оюн көрсөтүп келе жаткан Аязова Аксаамай мисал боло алат.

Футбол боюнча U-14 жана U-16 жаштар арасындагы командалар райондук жана облустук мелдештерде жогорку көрсөткүчтөрдү көрсөтүүдө. Жеңил атлетика боюнча «Мен чемпион» мелдешинде ноокаттык жеңил атлетчилер облустук жана республикалык деңгээлде биринчи орундарды багындырып келишет.

Биз жакында Ноокат райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинин директору Абытали Кудайбердиевич Мурзакуловго жолугуп, райондогу спорттук инфраструктураны жакшыртуу, жаштар арасында массалык спортту жайылтуу жана жогорку жетишкендиктерге жетишкен спортчуларды даярдоо боюнча багытында жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу маектешип кайтканбыз.

- Абытали Кудайбердиевич, акыркы жылдары Кыргыз Республикасында дене тарбия жана спортту өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп, анын алкагында спорттук инфраструктураны жакшыртуу, жаштар арасында массалык спортту жайылтуу жана жогорку жетишкендиктерге жетишкен спортчуларды даярдоо боюнча маанилүү иштер жүргүзүлүүдө. Сиздерде абал кандай?

- Ачыгын айтыш керек, Кыргыз Республикасынын Президенти дене тарбия жана спортту өнүктүрүүгө өзгөчө маани берип жаткандыктан, башка аймактар сыяктуу эле кийинки жылдарда Ноокат районундагы абал оң тарапка өзгөрүп жатат. Президент Садыр Жапаров Кыргызстандын алдыдагы беш жылдык өнүгүүсүнүн стратегиялык артыкчылыктарын белгилеп, анын ичинде спорт тармагын өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүнө басым жасады. Ошондуктан бул тармактын өнүгүү деңгээли мындан да жогорулайт деген ишенимдебиз.

Мамлекет башчысынын тапшырмаларынын негизинде райондук мамлекеттик администрациясынын көзөмөлү менен Т.Зулпуев айыл өкмөтүндөгү эски спорттук комплекс жана стадион толук оңдоп-түзөөдөн өткөрүлүүдө.



Мындан тышкары, бир катар айыл өкмөттөрүндө жеке менчик спорт залдары жана футбол аянтчалары курулуп, жергиликтүү калк үчүн спорт менен машыгууга ыңгайлуу шарттар түзүлүүдө. Мисалы, Кыргыз-Ата айыл өкмөтүндө 2026-жылдын январь айынан бүгүнкү күнгө чейин үч спорттук зал курулуп, пайдаланууга берилди. Т.Кулатов айыл өкмөтүндө да ири спорттук комплекси оңдоп-түзөө иштери аяктап, бүгүнкү күндө пайдаланууга берилди.

- Спорттун бир нече түрү боюнча үзүрлүү иш алып барып, жакшы ийгиликтерге жетишип келе жаткан Ноокат райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинин ишмердүүлүгү тууралуу айтып бересиңиз?

- Жакшы болот. Бүгүнкү күндө Ноокат райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинде спорттун бир катар түрлөрү боюнча үзгүлтүксүз машыгуулар өткөрүлүп, жаш спортчуларды даярдоого кеңири мүмкүнчүлүк түзүлүүдө. Бизде улуттук оюндарга, улуттук күрөш түрлөрүнө жана футболго өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Улуттук күрөш түрлөрү жаштар арасында кеңири жайылып, районубуздун спортчулары облустук, республикалык, Азиялык жана дүйнөлүк деңгээлдеги мелдештерде байгелүү орундарды ээлеп келишет.



Тогуз коргоол боюнча да районубуздун спортчулары республикалык жана Азиялык мелдештерге активдүү катышып, машыктыруучулар Абдрахманов Бакытбек жана Замирбек уулу Залкардын жетекчилиги астында облустук жана республикалык мелдештерде жогорку көрсөткүчтөргө жетишүүдө.

Футбол багытында райондун айыл өкмөттөрүндө алты машыктыруучу эмгектенүүдө. Кыргыз-Ата жана Ноокат футбол клубдары облустук жана республикалык мелдештерде жакшы жыйынтыктарды көрсөтүп келе жатышат.

Ошондой эле Ордо оюнун өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп, аймактардан бул багыттагы адистерди издеп таап, машыктыруучулукка тартуу иштери жүргүзүлүүдө. Волейбол, футбол, баскетбол жана жеңил атлетика спорттун түрлөрү да райондо өзгөчө өнүгүү багытында.

- Мелдеш, турнир сыяктуу иш-чаралар жаштарды спортко кеңири тартууга, алардын чеберчилигин жогорулатууга жана мыкты спортчуларды тандоого өбөлгө түзөт эмеспи. Үстүбүздөгү жылы райондук жана спорт мектебинин деңгээлинде кандай спорттук иш-чаралар өткөрүлдү?

- 2026-жылдын январь айынан октябрь айына чейин Ноокат райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектеби тарабынан спорттун бир катар түрлөрү боюнча жалпысынан 2 эл аралык, 2 облустук жана 24 райондук мелдеш өткөрүлдү.

- Райондун спортчулары кандай мелдештерге катышып, кандай жыйынтыктарга жетишти?

- Бүгүнкү күндө Ноокат райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинде машыгып жаткан улуттук күрөш боюнча спортчулар Абидинов Баяман, Сапаров Роман, Абытов Бексултан, Мирзаев Талипбек, Абдурасулов Марлен жана Сагынали уулу Иманалы дүйнөлүк жана Азиялык көчмөндөр оюндарынын мелдештеринде чемпиондук наамдарга ээ болушту.

Волейбол оюну боюнча кыздар командасы облустук деңгээлдеги мелдештерде туруктуу түрдө алдыңкы орундар үчүн күрөшүп келет.

Футбол боюнча машыктыруучулар Ысаков Сайпидин жана Абжапар уулу Саадан даярдаган U-14 жана U-16 жаштар арасындагы командалар райондук жана облустук мелдештерде жогорку көрсөткүчтөрдү көрсөтүүдө.

Волейбол боюнча машыктыруучу Эргешов Азизбектин кыздар командасы Чоң-Алай жана Кара-Суу райондук балдар-өспүрүмдөр спорттук мектебинде болуп өткөн облустук ачык биринчиликтеринде биринчи орундарды камсыздап келишти.

Жеңил атлетика боюнча машыктыруучулар Алимбеков Жунус жана Сыдыков Курсан даярдаган спортчулар «Мен чемпион» мелдешинде облустук жана республикалык деңгээлде биринчи орундарды багындырышты.

- Азыркы мезгил машыктыруучуларга жогорку талаптарды коюуда. Ноокаттын спорттогу аброюн көтөрүп, райондун атын алыска чыгарып жаткан машыктыруучуларды атап өтсөңүз?

-Райондо спорттун бардык түрлөрү боюнча өсүү динамикасы байкалууда. Бул, албетте, спортчулар менен тыгыз иш алып барган тажрыйбалуу машыктыруучулардын эмгегинин натыйжасы. Кыргыз улуттук күрөш түрлөрү боюнча машыктыруучулар Абидинов Баяман жана Абытов Каныбектин окуучулары республикалык гана эмес, эл аралык жана дүйнөлүк мелдештерде да байгелүү орундарды ээлеп келишүүдө.

Жеңил атлетика боюнча машыктыруучулар Алимбеков Жунус жана Сыдыков Курсан даярдаган спортчулар облустук жана республикалык мелдештерде туруктуу түрдө жогорку көрсөткүчтөрдү көрсөтүүдө.

Тогуз коргоол боюнча Абдрахманов Бакытбек агайдын эмгегин өзгөчө белгилеп кетүүгө болот. Ал республикалык жана Азиялык мелдештерде калыстык милдетин аткарып, окуучулары облустук жана республикалык мелдештерде байгелүү орундарды камсыздап келишүүдө.

Волейбол боюнча Эргешов Азиз, Мадашов Марлен, Шералиев Толкун жана Муса уулу Актилек тарбиялаган спортчулар Кыргызстандын курама командаларынын курамында ойноп келишет. Алардын арасынан Туленова Гүлмира, Казаков Эржан, Аязова Аксаамай сыяктуу спортчуларды өзгөчө белгилеп кетүүгө болот. Казаков Эржан Кыргызстандын U-16 курама командасынын капитаны болсо, Аязова Аксаамай Ош облусунун курама командасынын курамында оюн көрсөтүп келет.

-Айыл жерлеринде, өзгөчө алыскы аймактарда спорттук мүмкүнчүлүктөр жетишсиз деген пикирлер айтылып келет. Бул маселени чечүү үчүн кандай иштер жүргүзүлүүдө?

-Бул маселеге бүгүнкү күндө өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Райондун алыскы аймактарында жашаган балдарга спорт менен машыгууга мүмкүнчүлүк түзүү — биздин негизги милдеттерибиздин бири. Мисалы, Т.Кулатов айыл өкмөтүнүн Каримберди участкасында жергиликтүү эл менен жолугушуу өткөрүлүп, спортту өнүктүрүү боюнча сунуштар талкууланды. Айыл өкмөтүнүн башка аймактарында да жергиликтүү машыктыруучулар менен биргеликте иш алып барып, шарттарына жараша волейбол жана эркин күрөш боюнча машыгуу залдары ачылды. Учурда волейбол жана эркин күрөш боюнча бирден машыктыруучу ишке алынып, жаштар менен машыгуу иштерин жүргүзүп жатат. Мындан тышкары, райондун батыш аймагында дагы бир спорт мектебин ачуу боюнча Ош облусунун тиешелүү башкармалыгына расмий кат менен кайрылдык.

-Акыркы жылдары мамлекет тарабынан адаптивдүү жана паралимпиадалык спортту өнүктүрүүгө да көңүл бурулууда. Бул багыттагы иштер боюнча кандай пландарыңыздар бар?

-Адаптивдүү жана паралимпиадалык спортту өнүктүрүү — бүгүнкү күндөгү маанилүү багыттардын бири. Бул маселе биздин район үчүн гана эмес, жалпы өлкө үчүн да өзгөчө мааниге ээ. Ноокат районунда паралимпиадалык спорттун айрым түрлөрү боюнча азырынча жетиштүү шарттар жана спортчулар жок. Ошондуктан келечекте тиешелүү мамлекеттик колдоо көрсөтүлүп, материалдык-техникалык база түзүлсө, бул багытты өнүктүрүүгө бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануга даярбыз. Биздин максат — ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар жана жаштар үчүн да спорт менен машыгууга бирдей шарт түзүп, аларды коомдук жашоого жана активдүү жашоо образына тартуу.

Жыйынтыктап айтканда, Ноокат районунда спорт тармагы жылдан-жылга өнүгүп, спорттук инфраструктура кеңейип, жаштардын спортко болгон кызыгуусу артып жатат. Алдыда негизги милдет — бул жетишкендиктерди бекемдөө, алыскы айылдарга спортту жеткирүү, машыктыруучулардын кесиптик деңгээлин жогорулатуу жана таланттуу жаштарды республикалык жана эл аралык аренага чыгаруу.

Маекти уюштурган:
Төлөнбай
АБДЫРАЗАКОВ.

ЖҮЗ ЖЫЛДЫК БИЛИМ ЖОЛУНДАГЫ МЕКТЕП

МЕКТЕПТИН ТҮПТӨЛҮШ ТАРЫХЫНАН

Кара-Суу районунун Кара-Суу шаарына караштуу №17-Хафиз Турсунов атындагы мектеп 1926-жылы билим берүү очогу катары түптөлгөн. Ошол мезгилден тартып аталган мектеп жүз жылга жакын убакыттан бери жаш муундарга билим тарбия берип коомдун өнүгүшүнө өз салымын кошуп келе жатат. Мектептин тарыхы өлкөбүздүн басып өткөн тарыхый жолу менен тыгыз байланышта.

Ошол алгачкы жылдардан тарта коомдук-саясий жана социалдык өзгөрүүлөргө жараша мектеп турмушу уламдан-улам өнүгүү жолун алуу менен билим берүү сапаты жогорулап райондо гана эмес облуста сапаттуу билим уясы катары таанылган. Өткөн кылымдын 1926-жылы алгач жаш муундарды билим алууга аттандырган мектеп Л.М.Каганович атындагы мектеп болгон. Кийинчерээк 1966-жылы мектептин экинчи окуу корпусу курулган. Ошол жылдардан тарта мектеп Карл Маркс атындагы мектеп болуп аталган. Андан соң 1984-жылы Ф. Энгельс атындагы мектеп катары аталып, үчүнчү ирет мектепке кошумча жаңы имарат курулган. Мезгилдин өтүшү менен мектептин аталышы кайрадан өзгөрүлүп, бүгүнкү күндө ал аталган мектепте көп жылдар эмгек сиңирген мугалим Хафиз Турсуновдун ысмында аталып келүүдө.

ЖҮЗ ЖЫЛДЫК БИЛИМ ЖОЛУ

1926-жылдан бери мектептин босогосун канчалаган жаш муундар билим тарбия алып коомго өз билимин, тарбия-таалимин анын өнүгүшүнө багыттады. Аталган жылдардан бери миңдеген окуучулар алгачкы билимге ээ болуу менен сабаттуулукка жол ачып, турмуштан өз ордун табууга багыт алышкан. Мектептин тарыхы менен мамыр-жумур аралашкан адам инсандары билимдин үңгүлуу жолунда жакшы тарбия алып, сабаттуулуктун тарыхый жолунда коомдун өнүгүүсүнө өз салымдарын кошо алышкан.

Жогорудагы ойлордун тарыхын тастыктоочу негизги күч мугалимдер, окуучулар, ата энелер жана мектептин тарыхый өнүгүшүнө өз салымдарын кошкон жалпы коомчулук. Ошондон улам узак жылдар мектепте эмгектенген мугалимдер, тарбия жаатынын устаттары болуу менен кесиптик милдеттерин абийирдүүлүк менен аткарып мыкты тарбия берип келишкен. Ошондогу алардын аткарган билим тарбиядагы эмгектери бүгүнкү күндө мектептин билим берүүсүндөгү тарыхын түзгөн десек ашыкча эмес чыгаар.

Кара-Суу шаарындагы номер 17-Хафиз Турсунов атындагы билим уясы жайгашкан аймакта 1500 кожолук 6000ге жакын калк жашайт. Учурда 38 мугалим 800гө жакын окуучуларга учур талабына ылайык билим тарбия берүү менен мектеп уюткусу катары билим тарбия жаатында күжүрмөндүүлүк менен эмгектенип келишүүдө.


Гурдыева Хувайдо Иманжановна мектеп директору

Мектепте эки мугалим Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы сыймыктуу наамынын ээси. Мектеп боюнча 27 класс комплектиге билим берүү кызматтары жүргүзүлүп келет. Мектепте окуу программалары кыргыз, өзбек жана орус тилдеринде жүргүзүлөт. Билим берүү боюнча окуу тартиби беш күндүк. Таалим



тарбия берүү эки нөөмөттө ишке ашырылат. Мектепте тарбия жаатында эмгектенген мугалимдер Кыргыз Республикасынын агартуу министрлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик, базистик план программанын негизинде окуучуларга сапаттуу билим жана тарбия берүүгө багытталган иштерди жүргүзүп келишет. Мектепте компьютердик, электрондук сабактарды өтүү жакшы жолго коюлган. Мектептеги окуучулар 97% предметтик окуу куралдары жана китептер менен камсыз болушкан. Мектептин окуу материалдык техникалык базасын жакшыртуу, заманбап маалыматтык технологияларды окуу процессине киргизүү жана окуучулар үчүн коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү боюнча уюштуруучулук иштерди үзгүлтүксүз жүргүзүү. Мугалимдик кесипти аркалагандарды балдарга татыктуу билим берүүгө багыттоо боюнча дасыккан тажрыйбалары мол мугалимдерден окуу-тарбия усулдарын терең үйрөнүүгө жардамдашуу да мектепте жакшы жолго коюлган.

МЕКТЕП БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮ ӨНДҮРҮШТҮН ТҮРДҮҮ ТАРМАКТАРЫНДА



1926-жылдан бери аталган мектептин босогосун аттап канчалаган муундар тарбия-таалим алып коомдун өнүгүшүнө өз салымдарын кошту десек жаңылыштык болбос. Бул жерден миң деген окуучулар алгачкы билимге ээ болуп, сабаттуулукка жол ачып, турмуштагы өз оордун табууга багыт алышкан десек аша чапкандык эмес. Мектептин тарыхы бул имараттардын же расмий документтердин гана тарыхы эмес. Анын тарыхын түзгөн негизги күч, булар мугалимдер, окуучулар жана ата энелер, ошондой эле мектептин өнүгүшүнө ар тараптан салым кошкон жалпы коомчулук болуп саналат. Алардын эмгеги бүгүнкү күндө мектептин пайдубалын түздү десек жаңылыштык эмес. Жүз жыл ичинде мектеп билим берүү тармагынан өзүнүн татыктуу ордун тапты десек болот. Мектепти аяктагандар билимдерин андан ары өнүктүрүү менен өндүрүштүн түрдүү тармактарында белгилүү инсандарга айланышкан. Атап алганда Усманов Ядгор, Юсупов Зиявудин, Хатамов Рустам, Хакимжанов Шодилбек эл өкүлдөрү депутат болушса, Юсупов Илхомжон прокурор, Азимова Феруза, Тешебаева Мухае, Азимова Зухра, Мухиддинов Абдилазиз, Баратова М дарыгерлик кызматтарын аркалашат.

Билим берүү тармагында Орунбаев Юлдашбай, Хабибуллаев Хамидулло, Рахманова Гулчехра, Ашимова Марапатхон, Нурматова Тургунойлар мугалим, билим берүүнүн мыктылары болушкан.



Эсенбаева Олтинай, Сабирова Мамлакаткон, Раджапов Хуснидин, Кочкарова Эргашхон эң үлгүлүү татыктуу мугалимдерден болуп эсептелишет.

Мектепте тарбияланып билим алгандардан спорт чеберлери да бар. Алардын катарына Саттаров Мужохинди жана Мурзаев Умайрды кошууга болот. Мындан сырткары мектеп бүтүрүүчүлөрү өндүрүштүн түрдүү тармактарында жеке ишкерлик менен аракеттенишет.

СӨЗ СОҢУНДА

Бүгүнкү күндө Кара-Суу шаарындагы Хафиз Турсуновдун атындагы негизги жалпы билим берүү мектеби өзүнүн тарыхый жолун улантып заман талабына ылайык билимдүү, тажрыйбалуу жана мекенчил жаштарды тарбиялоого багыт алып келет. 1926-жылы башталган мектептин тарыхый жолу 2026-жылы өзүнүн жүз жылдык улуу белесине жетти. Мектептин түптөлүшү ошол мезгилдеги мектепте билим берүүчү шарттар азыркыдай кеңири болбосо да, сабаттуу билим алууга умтулган жаштарды окутууда мугалимдердин түйшүктүү эмгегин, ошол муунда билим алгандар унутушпайт. Бирок андагы шарттар азыркы менен шайкеш келүүсү мүмкүн эмес. Жыл өткөн сайын мурунку курулган мектеп имараттары талапка жооп бербей калды. Мектептин 1926-жылы салынган биринчи окуу имараты авариялык абалда деп табылып, анда жайгашкан китепкана, лаборатория жана компьютердик каана мектептин экинчи корпусуна көчүрүлгөн. Кийинки учурларда мектептин мурунку курулган окуу имараттары эскиргендигине байланыштуу жаңы окуу корпусун куруу талабы учурда көтөрүлүп келүүдө. Бул боюнча да иштер алга жылууда. Аталган мектептин 500 орундуу окуу имаратынын долбоордук, сметалык иш кагаздары чиймелери менен бүткөрүлгөн. Бул да мектептин жүз жылдык ишмердигине карата окуу корпусунун имаратынын курулушу башталууга көрүлгөн шарт десек болчуудай.

Азыркы учурда мектепте 12 класстык каана, 1 мугалимдер каанасы жана китепкана, компьютердик бөлмө бар. Мектепте учурда окутуу өзбек жана орус тилинде жүргүзүлөт.

М. Осмонов

ЖАШТАРГА ДЕМ БЕРГЕН ИШКЕР, ФУТБОЛГО КЫЗЫККАН ИНСАН

Жаштарды спортко тарткан, алардын кызыгуусун арттырган жаш ишкер, футбол сүйүүчү Аким Назаров жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

Ноокат районунда футбол спортун өнүктүрүүгө, жаш футболисттерди колдоого жана айылдагы спорттук инфратүзүмдү жакшыртууга өзүнүн салымын, билимин жана тажрыйбасын кошуп келе жаткан инсандардын бири- Аким Назаров. Ал Ноокат районунун Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн аймагындагы футбол клубунун президенти жана алгачкы уюштуруучусу болгон. Ар дайым жаштарга колдоо көрсөтүп, өзгөчө көңүл буруп келет.А.Назаров үчүн футбол жөн гана оюн эмес, жаштарды тарбиялоонун,биримдикке чакыруунун жана сергек жашоого, күчтүү, эрктүү, шамдагай жана тайманбас болууга үндөөнүн эң маанилүү жолу болуп эсептелет.Ошондуктан, ар тараптан колдоо көрсөтүп,жаштардын машыгуусуна, мелдештерге катышуусуна шарт түзүп берип келе жатат.

Аким мырзанын колдоосу менен спортчуларга футболдук формалар, топтор жана башка керектүү спорттук инвентарларды алып берүүгө көмөк көрсөтөт. Райондук, областтык жана республикалык мелдештерге барган командаларга жол акысын, тамак-ашын, жатаканасын жана башка чыгымдарын көтөрүп, балдардын спорттук мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жардам берип, тургандыгы футбол сүйүүчүлөрдү кубандырат. Жаш спортчуларга көрсөтүлгөн колдоо, дем, күч берип, алдыга умтулуусуна шарт түзүп берип турат.Ошондой эле Аким Назаров айыл өкмөтүнүн аймагындагы спорттук комплексти оңдоп-түзөөгө көмөк көрсөтүп, машыктыруучуларга жана күзөт кызматкерлерине кошумча материалдык колдоо көрсөтүп келет. Бир гана спорттун өнүгүшүнө гана эмес, спорт тармагында эмгектенген кызматкерлердин



ишине да көңүл буруп колдоп келе жаткандыгын айтып кетмекчибиз.Балдардын футболдук лигасына да взносун өз учурунда төгүп турат.

Жаштарга инвестиция тартуу,келечекке салым кошуу, А.Назаровдун демилгеси жана колдоосу,жаштардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүсүнө, спорт менен машыгуусуна, өздөрүнүн жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Өзүнүн элине пайда алып келүүнү көздөгөн жеке ишкердин жасаган эмгеги коом үчүн да өтө пайдалуу. Келечек муундун жаштары үчүн кам көрүп, спорттун өнүгүүсүнө колдоо көрсөткөн азамат жигит, Аким Назаров элдин урматсыйына татыктуу инсан.

Биздин каарманыбыз Аким Назаров жаш футбол сүйүүчүлөрдү мындан ары да колдоп, айылдан чыккан футбол командасынын өсүп-өнүгүшүнө демөөрчүлүк көрсөтө берет деген ишеничтебиз футболчуларды тарбиялап алдыга чыгара бериңиздер демекчибиз. Ар дайым ийгиликтер коштой берсин!

Бурма Ысакова.

Саламатчылык

Вирустук гепатиттен жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусу дарттарынан сактаналы

Бүгүнкү күндө АИВ-инфекциясына чалдыккан жарандардын саны аябагандай көп болгондугуна байланыштуу оорулуулардын арасында кечигип аныкталып, ооруну өтүштүрүп алган учурлар көп.

2026-жылдын 9 айына карата Ош облусу боюнча АИВ-илдетине катталгандардын саны бардыгы 70, ал эми 2025- жылдын 9 айына карата 89 АИВ–илдети катталган, салыштырмалуу 2026-жылдын 9 айында АИВ-илдети 19 учурга же 1,27 эсеге оорунун саны азайган.

Акыркы жылдар ичинде жугуу жолдорунун ичинен жыныстык жолу менен жугуу жолу басымдуулук кылып жатат. 2026-жылдын 9 айында жыныстык жолу менен 65 учур катталып 92,8% түзсө, ал эми 2025-жылдын 9 айына карата 87 учур катталып 97,7% түзгөн. Энеден балага жугуу жолу аркылуу 2026-жылдын 9 айына карата 3 учур катталып, ал эми 2025-жылдын 9 айында 1 учур катталып, быйылкы жылы 2 учурга көбөйгөн.

2026-жылдын 9 айына карата Ош шаары боюнча АИВ-илдетине чалдыккан жарандардын саны 49, ал эми 2025-жылдын 9 айында 55 жарандан АИВ-илдети аныкталган, салыштырмалуу 2026-жылдын 9 айына карата 6 учурга же 1,1 эсеге АИВ-илдети азайган.

Ал эми 2026-жылдын 9 айына карата жугуу жолдорунун арасынан жыныстык жугуу жолу аркылуу 45 учур катталып, 91,8% түзгөн.


Салыштырмалуу 2026-жылдын 9 айына карата жыныстык жолу менен жугуу жолу 8 учурга же 1,1 эсеге азайган. Алардын ичинен жүрүм туруму начар жарандар 7, мигранттар-22, кош бойлуу аялдар-5, аскер кызматкерлери-3, мамлекеттик жумушта иштегендер-7, студенттер-3, жаш балдар-2.

Ал эми кан аркылуу жугуу жолу аркылуу 2026-2025-жылдын 9 айлыгына карата бирден учур катталган. Алар 2005-жылдар аралыгында наркотикалык бангизатын ийне аркылуу колдонуп жүргөн, миграцияда жүрүп, 2026-жылы кайра келип, АРВтерапия дайындалган.

Ош шаары боюнча энеден балага жугуу жолу аркылуу 2026-жылдын 9 айлыгына карата 2 учур катталган.

2026-жылдын 9 айлыгында 1 оорулууга жугуу жолу белгисиз коюлган себеби АИВинфекциясына анализ алынгандан кийин каза болгон.

АИВ (адамдын иммундук жетишсиздик вирусу)-инфекциясына канчалык эрте текшерилип аныкталса ошончолук үй бүлөсүнө жана жакын байланыштагыларына



жуктуруп коюу коркунучун алдын алууга мүмкүнчүлүктөр болот. Тест тапшыруу үчүн Ош облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда кеңеш берүү жана тестирлөө бөлүмү иштейт. Каалоочулар кайрылып, ар бир жаран өз статусун билип алуусун сунуштайбыз.

Тест тапшыруу үчүн өздүк тастыктоочу документ талап кылынбай, жашыруун (анонимно) акысыз тапшырса да болот. Эгерде жумушка же болбосо чет өлкөгө, окуу жайларга тапшырып жаткан болсо анда өздүгүн тастыктоочу паспорт керектелет, анализ жыйынтыгын “Түндүк” тиркемесинен көрүп алса болот. Бул бөлүмдө тестирлөөгө чейинки жана тестирлөөдөн кийинки кеңеш берилет. Кеңеш берүү учурунда АИВ-инфекциясынын жугуу жагдайлары, сактануу жолдору, оорунун белгилери жана тестирлөөдөн өтүү мөөнөттөрү жөнүндө кеңири маалымат берилет жана “серологиялык терезе” мезгили жөнүндө эскертилет. Өз каалоосу менен тестирлөөдөн өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Коомдук саламаттыкты сактоо жөнүндөгү мыйзамынын негизинде АИВге текшерүүдөн өтүүгө өз макулдугу менен тапшырылат. Текшерүүнүн жыйынтыгы тестирлөөдөн өткөн жарандын өзүнө гана берилет. Берилген корутунду текшерүү жүргүзүлгөн күндөн тартып үч айдын ичинде жарактуу.

Кыргыз Республикасында АИВ-инфекциясын аныктоонун төмөнкү лабораториялары кызмат кылат:

-улуттук деңгээлде – Республикалык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунун АИВ-инфекциясын аныктоо референс лабораториясы,

Республикалык кан борборунун АИВ-инфекциясын аныктоо лабораториясы;

-аймактык деңгээлде – облустук, шаардык Ош облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда жана ички иштер министирлигине караштуу АИВ-инфекциясын аныктоо лабораториясы;

-райондук деңгээлде - аймактык ооруканаларына жана жалпы дарыгердик практикалык борборлоруна караштуу АИВ-инфекциясын аныктоо лабораториясы.

АИВ-инфекциясын лабораториялык аныктоо эки негизги маселени чечүүгө багытталган:

-пациенттин АИВ-статусун аныктоо (АИВ жуккан/жуккан эмес);

- АИВ-инфекциясынын агымын көзөмөлдөө жана АИВ - инфекциясы аныкталган пациент менен иш алып баруу тактикасын тандоо, башкача айтканда Антиретровирустук (вируска каршы) дарылоону дайындоого АИВ-инфекциясынын стадиясын аныктоо жана анын агымын алдын алабожомолдоо, көрсөткүчтөрдү түзүү, АРВ дарылоонун натыйжалуулугун контролдоо жолу менен.

АИВ-инфекциясына текшерүү АИВ1 жана АИВ 2ге карата вирустук антителаларды табууга негизделген жана төмөнкү лабораториялык ыкмалар пайдаланылат:

-чоңдордо жана 18 айдан жогорку курактагы балдарда: АИВге вирустук антигендерди жана антителаларды өз убагында табуу үчүн серологиялык изилдөөлөр(экспресс тест жана иммуно ферменттик анализ).

- 18 айга чейинки балдарда АИВди аныктоо ПТР(полимераздык тутумдаш реакциясы)ыкмасы менен жүргүзүлүп, жана провирусту АИВ–инфекциясынын ДНКсын табууга негизделген, ал үчүн молекулярдык-биологиялык изилдөөлөр колдонулат.

-АИВ –инфекциясы бар жактардын иммундук статусуна мониторинг жүргүзүү максатында иммундук клеткалардын санын аныктоо үчүн цитометрикалык изилдөөлөр жүргүзүлөт.

- АРВ дарылоонун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү максатында АИВ (вирустук жүктөм) сандык аныктоо үчүн молекулярдык-биологиялык ыкмалар колдонулат.

-Генотиптөө ыкмасы менен АИВдин дарылык туруктуулугун табуу жүргүзүлөт.

ООКЖВГжАИВКБнун лабораториясы капиталдык ремонттон өткөн, стандарттык талаптарга жооп берет, ПЦР, биохимиялык, гематологиялык аппаратуралар менен камтылган. АИВге текшерүүдөн сырткары вирустук гепатиттеринин «В», «С» түрлөрүнө тестирлөө, гематологиялык жана биохимиялык изилдөөлөр жүргүзүлөт. Донордук анализдерди тестирлөөдө 4-муундагы диагностикалык тест-системаларын колдонуп, антиген жана антителаларды табуу менен жүргүзүлөт.

Адамга АИВ-инфекциясы жуккандан кийин вируска каршы антителалардын пайда болуусу 2 жумадан 6 айга чейин созулушу мүмкүн, бул мезгил «серологиялык терезе» мезгили деп аталат.

Экспресс тесттер АИВге тестирлөөдөн өтүүнү каалаган жарандар кайрылган учурда үй - бүлөөлүк медицина борборлорунда, аймактык ооруканаларда, бейөкмөт уюмдарында, жазык аткаруу боюнча мамлекеттик кызматтарында, шприц алмаштыруу пункттарында, анонимдүү жана ишеним кабинеттеринде атайын даярдыктан өткөн адистер тарабынан жүргүзүлөт.

Эгерде, АИВди жуктуруп алган жаран ушул мезгилде текшерилип калса, лаборатория антителаларды таба албай калгандыгына байланыштуу туура эмес терс жыйынтык берилип калуусу ыктымал. Ошондуктан бардык текшерилген жарандар 3ай жана 6 айдан кийин АИВге кайталап текшерилип коюусу зарыл.

Б.К.Жакыпова
ВГжАИВТБнун башчысы,
А.Ш.Бакирова,
МжУМИБнун медстатисти.

101 ЭСКЕРТЕТ

Өрт коопсуздугу боюнча көрсөтмө

Күз мезгилиндеги өрт коопсуздугу: Ош шаарынын тургундары эмнелерди билүүсү зарыл?

Күз айлары келип, күн сайын жалбыректар саргайып баштаганына байланыштуу шаарыбыздагы турак үйлөрдүн, мекеме-ишканалардын тегерегиндеги түшүп кургап баштаган сары жалбыректардын муктаждыгы келип чыгууда. Тилекке каршы, жыл сайын дал ушул маалда өрт коопсуздук эрежелерин сактабагандыктан кырсыктардын саны кескин өсөт. Ош шаардык өрткө каршы куткаруу кызматы жана адистер ар бир жаранды төмөнкү маанилүү эрежелерди так сактоого чакырат.

Кургак чөп жана жалбыректарды өрттөөгө тыюу салынат!

Күзгү тазалоо иштери учурунда короодогу же көчөдөгү кургак жалбыректарды, таштандыларды өрттөө шаарыбызда чоң көйгөйгө айланат.

• Ош шаарынын аймагында кургак чөптөрдү жана таштандыларды ачык өрттөөгө мыйзам жүзүндө тыюу салынган жана бул үчүн айып пул каралган.

• Шамалдуу аба ырайында кичинекей учкун кошунанын үйүнө, унаасына же чарбалык курулуштарына тез эле өтүп кетүү коркунучу бар. Бардык таштандыларды атайын бөлүнгөн жайларга чыгаруу зарыл.

Жаш балдардын коопсуздугу

• Аларды күйүп жаткан оттун же кызыл чоктун жанына жалгыз калтырбаңыз.

• Ширеңке, зажигалка сыяктуу от алдыруучу каражаттарды балдар жетпеген бийик жерлерде сактаңыз.

Эсиңиздерде болсун! Өрт кырсыгы катталган учурда дароо убакытты жоготпостон 101 же 112 бирдиктүү куткаруу кызматтарына чалуу зарыл.

Өрттү болтурбоо — аны өчүрүүгө караганда алда канча оңой жана коопсуз.

Ар бир шаар тургунун өз коопсуздугуна жана жакындарынын өмүрүнө жоопкерчиликтүү кароого чакырабыз!

К.А Кыдырбаева,
КРнын ӨКМнин Ош шаары боюнча башкармалыгынын ӨӨААжАКИБнүн офицери, майор

ЖАЛБЫРАКТЫ ӨРТТӨБӨҢҮЗ, ЗЫЯНДУУ ЗАТ БӨЛҮП ЧЫГАТ

Кеч күздө жалбыректар түшүп, бут алдында шуудурайт. Бул болсо жаратылыштын мезгил алмашкандагы бир касиетидир. Ал эми жерге түшкөн жалбыректар өрттөлүп, алардын түтүнү бүтүндөй шаарды, айылды каптап калганын эч кимибиз тана албасак керек. Түтүн ого бетер абага зыяндуу заттарын чыгарат. Ошентсе да шуудураган жалбыректарды өрттөгөнгө шашабыз.

Эмне үчүн жалбыректарды өрттөгөнгө болбойт жана аларды эмне кылыш керек?

Түшкөн жалбыректарды өрттөө – адам өмүрүнө өтө зыяндуу. Күз айларында көмүр кычкыл газын жана ар кандай заттарды, түтүн-ышты өзүнө сиңирет. Мындай заттарды сиңирип алган жалбыректын түтүнү абаны булгап, экологияга олуттуу таасир тийгизиши мүмкүндүгүн жана анын түтүнү адамдарда рак ооруларын алып келээрин дүйнө окумуштуулары айтып келет. Демек, биз жалбыректардын түтүнү аркылуу зыяндуу заттарды дем алып жатабыз.

Андыктан жалбыректарды өрттөгөнгө шашпай, топуракка көмүп коюу туура. Жаз алды менен чириндиге айланып, өсүмдүктөргө пайдалуу азык болмок. Ал эми таштандыларды, жалбыракты өрттөгөн жарандарга жергиликтүү бийлик тарабынан айып пул салынарын эске салабыз.

Н. Урбай уулу,
КРнын ӨКМнин Ош шаары боюнча башкармалыгынын АА ж АКИБнүн улук офицери, капитан.

Жарыялар

Сынак

Жерде жүрүүчү жана суу транпорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгы , төмөнкү маршруттар боюнча автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштурууга сынак жарыялайт:

№	Лот №	Каттамдын номуру жана аталышы	Автобустарды жөнөтүү убактысы	Автобустарды жөнөтүү орду	Автобустардын керектүү саны
I	II	III	IV	V	VI
1	21	№209 Өзгөн-Көлдүк	1 рейс 11-00 дө 2 рейс 16-00 дө	Өзгөн автобекети	1
		№411 Өзгөн-Кызыл-Тоо	1 рейс 11-00 дө 2 рейс 17-00 дө	Өзгөн автобекети	1
		№219 Өзгөн-Эркин-Тоо	Күнүнө 1 жолу саат 12-00 дө	Өзгөн автобекети	1
		№220 Өзгөн-Кара-Дыйкан	8-30дан 17-00 чейин	Өзгөн автобекети	3
		№207 Өзгөн-15 Жаш	1 рейс 12-00 дө 2 рейс 16-00 дө	Өзгөн автобекети	3
		№224 Өзгөн-Заргер	1 рейс 13-00 дө 2 рейс 15-00 дө	Өзгөн автобекети	3
2	22	№ 339 Ош-Гүлбар ч/з Бирлик, Манас	06-45 тен 18-30 чейин	“Ош автобекети”	10
3	23	№301 Өзгөн-Ош	07-20 дөн 13-40 ч	Өзгөн автобекети Ош автобекети	20
4	24	№591 Өзгөн-Бишкек	Кунуно 1 жолу күн алыс саат 07-30 да	Өзгөн автобекети Батыш автобекети	3
5	25	№226 Өзгөн-Ийри-Суу	07-30 ден 13-30 ч 11-30 дан 17-00 ч	Өзгөн автобекети	1
		№101- Өзгөн пивзавод	07-00дөн 19-00 чейин	Өзгөн автобекети	10
		№102 Өзгөн РЭС	07-00дөн 19-00 чейин	Өзгөн автобекети	6

Конкурска юридикалык же жеке жактар, ишкердик иш субъекти катары катталган жүргүнчүлөрдү ташууга тиешелүү уруксаттамасы бар ишкерлер катыша алат. Конкурстук сунуштар, маалыматтар электрондук түрүндө тапшырылышы керек.

Конкурстун катышуучулары, конкурстун документтерин төмөнкү даректен ала алышат:

Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Памирский тракт көч., 1, тел:(0222) 88884 .

Билдирмелер жана конкурстук документтер 2026-жылдын 7-ноябрынан баштап 7-декабрь саат 18:00гө чейин кабыл алынат.

Сынак Транспорт жана коммуникациялар министирлигинин Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгында 8-декабрь 2026-жылы төмөнкү дарек боюнча Кыргыз Республикасы, Ош шаары., Памирский Тракт көч., 1 дарегинде саат : 10-00 дө өткөрүлөт.

Жараксыз деп табылсын

2000-жылы ОшМУ тарабынан Истамбекова Канымбү Сыргатаевнага берилген ПВ № 31488 каттоо № 1672 сандуу дипломунун 2 барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

1995-жылы ОшМУ тарабынан Эркечбаева Тамара Валиевнага берилген АВ № 10633 каттоо № 480 сандуу дипломунун бир барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

ОшМУ тарабынан Куванычбек кызы Зирегүлгө берилген ТС № 210100805 Каттоо № 551 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2013-жылы Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык Университетинин колледжи тарабынан Айытбаева Гүлкумарга берилген УС № 230114693 каттоо № 965 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2018-жылы ОшТУ тарабынан Кадырбек уулу Семетейге берилген № ШС 180223334 каттоо № 523 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

ОшТУ тарабынан Сали уулу Орозбайга берилген СС № 130151342 каттоо № 400 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү:
Т. Абдыразаков

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34,** Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезиттеги спорттук материалдар КР Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинин медиа чөйрөдөгү мамлекеттик социалдык заказынын алкагында даярдалды

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г. Көлөмү А3 - 2 басма табак.
Тел: 0 (312) 53-00-00.

Буюртма №:1234 Нускасы: 1800

АЛГАЧКЫ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК АНСАМБЛЬ

Эргешов Жоробай Кара-Суу районундагы Ак-Таш айылынын Жылкелди айылында туулган. Айылдан чыккан алгачкы механизатор, пахта талаасында өмүр боюу эмгектенген. Союздун мезгилинде «ак алтыны» менен республикага таанылган район болгон.



Биздин каармaныбыз, Жоробай Эргешовдун үй-бүлөсү жөнүндө сөз кылабыз:

Ж.Эргешов жаш кезинде эде колуна комуз алып,күүлөрдү чертип, комуздун коштоосунда ырдап, уул-кыздарынын көңүлүн ачып,музыкага болгон шыгын ойготкон.Көп жылдар боюу пахта талаасында эмгектенип жүрүп-,урмат-сыйга арзыган. А, түгүл, «Ардак белгиси» орденинин ээси болду.Андан кийин жумушуна 20 мүнөт кечиккендиги үчүн Ленин ордени берилбей, кайра-кайра текшерип,жыйынтыгында пахта талаасында мыкты иштегендиги эске алынып, Ленин орденин беришет. Көптөгөн орден медалдардын ээси,өзү жашаган көчөгө Жоробай Эргешовдун ысмын беришкен. Өмүрлүк жубайы үрпия Жороева экөө 8 уул-кызды тарбиялап, эрезеге жеткиришет. Экинчи даражадагы «Баатыр Эне».Комуз жана ооз комуз чертken, кошок айтып, кыздарына үйрөткөн. Мыскал Өмүркановадай ырчы болом деген кыялдары болчу экен, бирок ал кыялдары ишке ашпай,менин ырчылык өнөрүмдү кыздарым силер уланткыла деп көп жолу айтчу,- дейт кызы Курманбү.

Таланттуу үй-бүлө

Таланттуу үй-бүлөдөн талпынып чыккан, ата-энесинин өнөрүн уланткан Кара-Суу районундагы Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн аймагындагы Жылкелди айылындагы Чынар Эргешова атындагы айылдык маданият үйүн Курбанбү Эргешова жетектейт.

1990-жылы бир туугандары менен биргеликте үй-бүлөлүк ансамбль тобун түзүшөт. Алачкы жолу «Жетиген» фольклордук үй-бүлөлүк ансамбль түзүшүп, Түркия мамлекетине барып, өздөрүнүн ырчылык өнөрлөрүн тартуулап келишет. Андан кийин РФсынын Санкт- Петербург шаарындагы кыргыздарга барышып, концерт тартуулап келишкендигин айтып кетүүгө болот.

Чынар Эргешова айылдык маданият үйүн жетектеп турганда, көптөгөн ийгиликтерге жетишишкен. Иш-чараларды өткөрүүдө жолдошу Абдималик Макатаев экөө айылдык маданият үйүнүн атын чыгарышты. Учурунда Чынар Эргешва,СССРдин «Маданияттын мыктысы» кызматкери наамын алган. Жазуучу С.Жетимишов «Өмүрүн өнөргө арнаган карлыгач» аттуу китебин жазат.Тилекке каршы, азыркы учурда экөө тең жарыкчылык дүйнө менен кош айтышып кетишкен. Алардын эмгегин улантууда бир тууган сиңдилери Заргөкүл, Курбанбү, Акмаралдар маданият тармагында талыкпастан эмгетенип келе жатышат

«ЭЛ ИЧИ ӨНӨР КЕНЧИ»

Элибиздин арасынан чыккан таланты менен таанылган ырчыларыбыз, калайык калкка дем күч берип, укkулуктуу ырларын тартуулап, көпчүлүктүн жарпын жазып келе жатышат. Нукура, табигый таланты менен таанылган, өзүнүн кесибин кастарлап сүйгөн, бир тууган эже-сиңдилер, Заргөкүл, Курманбү жана Акмарал Жоroеваларды сыймык менен атап кетмекчибиз.



Эргешова Заргөкүл, өмүрүнүн 40 жылын маданият тармагына арнап келе жатат. Мыкты аткаруучу, обон да чыгарат, көптөгөн кароо-сынактардын, фестивалдардын жеңүүчүсү.Өзбекстан республикасынын Андижан областында өткөрүлгөн «Өрөөн булбулу» аттуу өткөрүлгөн фестивалында2- орунга ээ болот. КРнын ЖКнин « Ыраазычылык каты», 2024-жылы Р.Абдыкадыров атындагы 1-даражадагы ордени, КР маданиятынын мыктысы төщ белгиси ж.б. медалдар менен сыйланган.Учурда, Рысбай Абдыкадыров атындагы Эл аралык клубунун Түштүк аймагы боюнча координатору. Үй-бүлөлүү, 2 кыздын энеси,4 неберенин таенеси.



Эргешова Курбанбү Жаштайынан эле ырга ышкыбоз болуп чоңойду.Мектепте окуп жүргөн мезгилде эле, ырдап,ата-энесин кубантчу. Мектепти аяктаган соң, Токмок шаарындагы атайын маданий-агартуу окуу жайынын клубдук адистигине тапшырат. Окуу жайды аяктагандан бери айылдык мданият клубунда талыкпастан эмгектенип келе жатат. Быйылкы жылы 35 жылдын жүзү толот.

Өзүнүн кесибин мыкты билген кесипкөй адис айылдык маданият үйүнүн чыгармачыл жамааты менен биргеликте айылдык, райондук, областтык жана республикалык иш-чараларга катышып,чыгармачылыктарын көрсөтүшүп, байгелүү орундарга ээ болушуп келишүүдө.



Курбанбү дайыма апасынын айткан сөзүн медер тутуп келет. «Кыздарым, мен убагында ырдай албай калганмын, Мыскал Өмүркановадай ырчы болом деп самачумун, бирок ырдай албай калдым,силер ырдагыла, тартынбагыла, өнөрүңөрдү, талантыңарды элге тартуулагыла» деп көп айтчу апам деп эскерип өттү.



Курбанбү айым, ырчы, алып баруучу.бир канча кароо-сынактардын жеңүүчүсү.КРнын маданиятынын мыктысы төш белгиси, КРнын ЖКнин «Ыраазычылык каты», КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамотасы, Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын-башчысы акимдин, Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн Ардак грамотасы менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 2 кыздын апасы,2 неберенин таенеси.

Жоробаева Акмарал-Элибиздин белгилүү ырчысы.Мыкты аткаруучулук чеберчилиги менен көптөгөн ыр ышкыбоздорунун жүрөгүнөн түнөк тапкан таланттуу ырчы.Акмарал Жоробаева айылдык, райондук, областтык жана Эл аралык кароо-сынктардын жана фестивалдардын жеңүүчүсү. КРнын «Мыкты кызматкери төш белгисинин» ээси. үй- бүлөлүү, 3 кыздын апасы.

Маданият биздин байлыгыбыз, түгөнгүс кенчибиз.Андыктан, барктап, баалап туруубуз зарыл. Кыргыз Эл Баатыры, акын Аалы Токомбаев айткандай, «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» деп таамай айткан.

Курбанбү Эргешова азыркы учурда айылдык маданият үйүнө музей уюштуруунун аракетин көрүп жатат. Келечекте бизден кийинки муундар үчүн тарыхта калат дейт,-Курбанбү Эргешова.

Бурма Ысакова.

Билим

ОшМПУда ИШ БЕРҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ ӨТТҮ

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин Математика жана компьютердик технологиялар факультетинде иш берүүчүлөр менен жолугушуу болуп өттү.иЖолугушуу факультеттин «Информатика жана жаңы маалыматтар технологиясы» кафедрасы тарабынан уюштурулуп, «Колдонмо математика жана информатика» адистиктеринин коомдогу ордун аныктоо, эмгек рыногунун талаптарын талкуулоо жана студенттердин кесиптик жоопкерчилигин арттыруу максатын көздөдү.

Саамалыкты кафедранын ардактуу окутуучусу, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Кандалат Турдубаева жана кафедра башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Айнура Орозбаева ачып, аталган адистиктердин коомдогу маанисине токтолушту. Ошондой эле бул багытта эмгектенген адистерден жогорку кесипкөйлүк, жоопкерчилик жана адамгерчилик талап кылынарын белгилешти.

Жолугушуунун жүрүшүндө «Иш берүүчүнүн көз карашы» аттуу интерактивдүү питчинг, «Ачык микрофон» жана анкета алуу форматтары уюштурулду. Анда келечектеги адистерге коюлган талаптар, кесиптик компетенттүүлүк жана билим берүү программаларын эмгек рыногунун керектөөлөрүнө ылайыкташтыруу маселелери талкууланды.

Талкуунун жүрүшүндө Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин өкүлү Г.К. Өмүрбекова бүтүрүүчүлөр жасалма интеллектти кесиптик ишмердүүлүгүндө туура колдоно билүүсү жана заманбап программаларды өздөштүрүшү зарыл экенин белгиледи.

Ал эми УТРКнын Ош теле-радиокомпаниясынын өкүлү



студенттерге иш жүзүндө колдонулган жаңы программаларды үйрөтүүнү сунуштап, билим берүү программаларына иш берүүчүлөр колдонгон программалык каражаттарды киргизүү зарылдыгына токтолду.

Ош технологиялык университетинин техника илимдеринин доктору, профессору Т.Т. Мойдунов аталган адистиктин бүгүнкү күндөгү актуалдуулугун белгилеп, бүтүрүүчүлөр математикалык билим менен катар бир нече тилди билүүсү маанилүү экенин айтты.

№5 Ленин атындагы орто мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы А.К. Дыйканбаева айыл жергесинде математика жана информатика мугалимдерине суроо-талап жогору экенин белгилеп, жаш адистер мектептерге заманбап билимдерди жана санариптик платформаларды өздөштүрүп келиши керектигин билдирди.

Ошондой эле «АБанк» мекемесинин башкы адиси А.А. Кандыбаева студенттерге банкта өндүрүштүк практикадан өтүү мүмкүнчүлүгүн сунуштап, өзүн жоопкерчиликтүү жана демилгелүү көрсөткөн бүтүрүүчүлөрдү жумушка кабыл алууга даяр экенин билдирди. Жолугушуунун соңунда иш берүүчүлөрдөн анкеталар алынып, алардын сунуш-пикирлери жыйынтыкталды. Бул пикирлер келечектеги адистерди даярдоодо билим берүү программаларын өркүндөтүүгө жана теориялык билимди практикалык талаптар менен айкалыштырууга өбөлгө түзөт.

ОшМПУнун басма сөз кызматы.